## Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2017-жылдын сентябрь айы)*

Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги биринчилик рынокто казына векселдерин жайгаштыруу боюнча 5 аукцион өткөрүүнү пландаштырган. Натыйжада, эки аукциондо 3 айлык МКВлар жайгаштырылган эмес, бул катышуучулардын саны жетишсиздигине жана суроо-талап жок болгондугуна байланыштуу болгон; ошондой эле бир аукциондо катышуучулар саны жетишсиз болгондуктан 6 айлык МКВлар жайгаштырылган эмес. Алсак, кароого алынган мезгил ичинде жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 19,0 пайызга көбөйүү менен 500,0 млн сомду түзгөн. Мында, ай ичинде МКВга суроо-талап көлөмү 32,5 пайызга төмөндөгөн (470,3 млн сомго чейин) жана МКВларды сатуу көлөмү 22,6 пайызга азайып, 300,0 млн сом чегинде катталган.

Мөөнөттүүлүк боюнча алып караганда сатуу көлөмү төмөнкүчө түптөлгөн: 6 айлык МКВларды сатуу - 80,0 млн сом; 12 айлык МКВларды сатуу – 220,0 млн сом (ай ичинде -30,7 пайыз) чегинде түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде МКВлардын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 5,5 пайызды түзүү менен 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн, бул 12 айлык МКВлар боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшүнүн эсебинен келип чыккан. Алсак, 6 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү – 5,0 пайыз (+0,2 п.п.) жана 12 айлык – 5,7 пайыз (-0,3 п.п.) чегинде катталган.

Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын бюджет тартыштыгын таза каржылоо көлөмү -118,3 млн сом өлчөмүндө калыптанган. Отчеттук мезгилде Финансы министрлиги тарабынан 140,9 млн сом (-74,4 пайыз) суммасына мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

Мындан тышкары, жүгүртүүдөгү МКВлар көлөмү жыл башынан тартып 3,3 млрд сомго чейин (-23,1 пайыз) төмөндөгөн. Алсак, негизги МКВ ээлери боюнча түзүм төмөнкүчө түптөлгөн: МКВ ээлери – коммерциялык банктардын үлүшү 12,3 пайыздык пунктка, 78,1 пайызга чейин жогорулаган, ал эми институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче, 11,8 п.п., 21,5 пайызга чейин, юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 0,5 пайызга чейин (-0,4 пайыздык пунктка) төмөндөгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВ менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |
| 01.10.2017 | 3 312 900,0 | 2 586 486,5 | 78,1% | 710 779,5 | 21,5% | 0,0 | 0,0% | 15 634,0 | 0,5% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Сентябрь'2016 | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 5,0 | 5,7 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*